УДК: 331.361:37.091.33
DOI: 10.35254/bsu/2023.66.04

***Белгибаев А.***
*И. Аблраимов атындагы Кыргыз авиациалык институту*

# БИЛИМ БЕРҮҮНҮН ЗАМАНБАП ШАРТТАРЫНДА КЕСИПКЕ БАГЫТТАП ОКУУДАГЫ ИНТЕГРАЦИЯЛЫК МЕТОДДОР

**Кыскача мазмуну**

Заманбап шартта авиациялык окуу жайлардын студенттеринин билимдерди жана көндүмдөрдү натыйжалуу өздөштүрүүсүнө көмөктөшүүчү окутуунун инновациялык ыкмалары менен бирге интеграцияланган окутууну да иштеп чыгууга жана колдонууга көбүрөөк көңүл буруу зарылчылыгы жаралууда. Жалпы кесиптик жана атайын дисциплиналардын циклдеринин предметтер аралык байланышынын мүмкүнчүлүктөрүн пайдалануу менен студенттерге компетенттүүлүктөргө негиздеп билим берүү жолдору каралган. Макалада авиациялык билим берүүнүн келечектеги өнүгүүсүндө интеграцияланган окутуу методдорунун потенциалы белгиленет. Интеграцияланган ыкма - дисциплиналар аралык байланыштар үчүн ар түрдүү предметтик чөйрөлөрдөгү билимдерди жана көндүмдөрдү бириктирүүгө жардам берип, студенттерге алардын өз ара байланыштарын көрүүгө жана маселелерди чечүү үчүн аларды комплекстүү колдонууга мүмкүндүк берет.

**Түйүндүү сөздөр:** Окутуунун интеграцияланган методдору, баалуулук,жаңыча мамиле, тармактар аралык синтез, билим берүүдөгү заманбап технологиялар, авиациялык билим берүүнүн өзгөчөлүктөрү, билим берүү стандарты, санариптик чөйрө, билим, чеберчилик.

***Белгибаев А.***
*Кыргызский авиационный институт им. И. Абдраимова*

# ИНТЕГРИРОВАННЫЕ МЕТОДЫ ПРОФЕССИОНАЛЬНОГО ОБУЧЕНИЯ В СОВРЕМЕННЫХ ОБРАЗОВАТЕЛЬНЫХ УСЛОВИЯХ

**Аннотация**

В современных условиях возникает необходимость уделять больше внимания развитию и использованию комплексного обучения, а также инновационных методов обучения, способствующих эффективному приобретению знаний и навыков слушателями авиационных вузов. Для студентов предусмотрены способы обучения, основанные на компетенциях, с использованием возможностей межпредметной связи циклов общепрофессиональных и специальных дисциплин. В статье освещается потенциал интегрированных методов обучения в дальнейшем развитии авиационного образования. Интегрированный подход – это междисциплинарный подход, который помогает объединить знания и навыки из разных предметных областей, позволяя учащимся увидеть их взаимосвязи и комплексно применять их для решения проблем. Интегративные методы обучения побуждают студентов искать новые решения в процессе изучения различных дисциплин,

использовать творческие подходы и развивать свое творческое сознание.

**Ключевые слова:** интегрированные методы образования, ценность, новый подход, междисциплинарный синтез, современные технологии в образовании, особенности авиационного образования, образовательный стандарт, цифровая среда, знания, навык.

*Belgibaev A.*
*Kyrgyz Aviation Institute named after. I. Abdraimova*

# INTEGRATED METHODS IN VOCATIONAL TRAINING IN MODERN EDUCATIONAL CONDITIONS

**Abstract**

In the modern environment, there is a need to pay more attention to the development and use of integrated training, along with innovative teaching methods that promote the effective acquisition of knowledge and skills by students of aviation schools. Ways of education based on competences are provided for students, using the possibilities of interdisciplinary communication of cycles of general professional and special disciplines. The article highlights the potential of integrated training methods in the future development of aviation education. An integrated approach is an interdisciplinary approach that helps bring together knowledge and skills from different subject areas, allowing students to see their interrelationships and apply them holistically to solve problems.

**Keywords:** integrated methods of education, value, new approach, interdisciplinary synthesis, modern technologies in education, features of aviation education, educational standard, digital environment,knowledge, skill.

Билим берүү системасында интеграцияланган окутуунун мүмкүнчүлүктөрү мурунку түзүлгөн системанын алкагында да, жаңы системанын алкагында да кездешет. Педагогикада интеграцияланган окутууну бири-биринен айырмаланып турган бөлүктөрдү бир бүтүнгө бириктирүү менен байланышкан окутуу процессинин бир аспектиси катары түшүндүрүшөт. Бул жерде интеграция процессинин маңызы системага кирген ар бир элементтин ичиндеги сапаттык кайра түзүүлөр болуп саналат.

Биздин изилдөөнүн көйгөйлөрүнүн контекстинде педагогикалык интеграция, билим берүүнүн өз ара алмашуусунун процесси жана натыйжасы, ар бир дисциплиналардын берген билимдеринин синтези, байланышы жана ишмердүүлүктүн түрлөрү, ыкмалары катары аныкталат.

Интеграциялык окутууну мүнөздөөчү аспектилер:

· элементтерди бириктирип, айрым негиздери болушу;

· ар тараптуу бөлүнүп кеткен элементтердин ортосунда байланыштарды түзүү;

· бул байланыштардын өз ара көз карандылыгы мүнөзүнүн пайда болушу;

· бүтүндүгүн, биримдигин, жыйындысынын касиеттерине ээ болгон жаңы системаны түзүү;

· кайрадан жаңы түзүлгөн системанын жана сапаттуу жаңы интеграцияланган элементтердин өздөрүнүн пайда болушу, “интеграциялык касиеттер” башкача айтканда интеграция процессинде түздөнтүз пайда болуучу касиеттер;

Жогорку квалификациялуу авиация адистерин даярдоодо негизги ролду авиациялык билим берүү эсептелинет. Заманбап шартта авиациялык окуу жайлардын студенттеринин билимдерди жана көндүмдөрдү натыйжалуу өздөштүрүүсүнө көмөктөшүүчү окутуунун инновациялык

ыкмалары менен бирге интеграцияланган окутууну иштеп чыгууга жана колдонууга көбүрөөк көңүл бурулууда. Себеби учур талабы баардык эле сабактарды кесипке багыттап окутуунун натыйжалуулугун баса белгилеп келет. Окуу процессинде окутуунун ар кандай ыкмалары, анын ичинде комплекстүү методдор колдонулат.

Ошолордун ичинде интеграцияланган окутуу методу бир курска же программага бир нече дисциплиналарды же окуу аспектилерин бириктирет. Аталган метод студенттерге авиациянын ар кандай аспектилеринин ортосундагы байланыштарды көрүүгө мүмкүндүк түзөт, предметти тереңирээк түшүнүүгө, материалды натыйжалуураак үйрөнүүгө өбөлгө түзүлөт. Мисалы, студенттер авиациянын техникалык аспектилерин эксплуатациялык коопсуздуктун контекстин же аба каттамдарынын экономикасын тереңдетип түшүнүшкөн болсо, орус тили, кыргыз тили сабактарында ошол эле программаны тилдик аспекте карайт. Студент буга чейин алган билимин тилдик контексте кайра кайталайт. Эсинде эки эсе сакталат. Тилдин грамматикасын, өзгөчөлүктөрүн үйрөнөт, кесиптик текстти да өздөштүрөт. Акырындык менен тилдик компетенциясы калыптанат. Маалыматтык компетенция сөзсүз жыйнала берет. Өзгөчө аталган бул метод авиациялык окуу жайларындагы негизги дисциплиналарды билим чөйрөлөрүн бирдиктүү окуу процессине бириктирүү идеясына негизделген. Мисалы, интеграцияланган окутуу методдорунун теориялык негиздеринин төмөнкү түрлөрүн тизмектөөгө болот.

Конструктивизм – бул студенттердин билимин жана түшүнүгүн куруу процессине активдүү катышуусун баса белгилеген конструктивисттик парадигмага негизделген. Студенттер ар кандай маалымат булактары менен активдүү өз ара аракеттенишет, алган билимдерин практикада колдонушат жана проблемаларын чечишет.

Контекстуалдык окутуу-интеграцияланган окутуу ыкмалары билимди жана көндүмдөрдү чыныгы контекстте чагылдырууга умтулуп, аны авиация тармагында студенттер туш болгон практикалык кырдаалдар менен байланыштырат.

Интеграцияланган ыкма - дисциплиналар аралык байланыштар үчүн ар түрдүү предметтик чөйрөлөрдөгү билимдерди жана көндүмдөрдү бириктирүүгө жардам берип, студенттерге алардын өз ара байланыштарын көрүүгө жана маселелерди чечүү үчүн аларды комплекстүү колдонууга мүмкүндүк берет.

Жогоруда айтып кеткендей авиациялык билим берүүнүн контекстинде комплекстүү мамиленин артыкчылыктарын бөлүп көрсөтүүгө болот. Комплекстүү мамленин алкагында сөзсүз тилдик компетенттүүлүк турат. Тилдик компетенттүүлүктөрдү өздөштүрүүдө маалымат аралык коиптенттүүлүк да пайдаланылат. Бул компетенттүүлүктөр тилди практикада колдонуу мүмкүнчүлүгүн жогорулатат. Окутуунун интеграцияланган ыкмалары студенттерге билимди жана көндүмдөрдү реалдуу турмуштук кырдаалдарда түздөн-түз колдонууга мүмкүндүк берет, мына ошол мүмкүнчүлүктөр тил үйрөнүүнүн алкагында ишке ашат. Интеграцияланган билим берүүнүн тутумунда бүгүнкү санариптик чөйрөдө компетенттүүлүктөргө негиздеп окутууга натыйжалуу өбөлгө түзүлөт.

Системалык ой жүгүртүүнү өнүктүрүү методу компетенттүүлүккө да негизделиши керек. Интеграциялык ыкмада компетенттүүлүк студенттерден авиация тармагынын ар кандай аспектилеринин ортосундагы байланыштарды талдап, түшүнүүнү, алардын системалык ой жүгүртүүсүн жана бүт картинаны көрүү жөндөмүн өнүктүрүү менен жыйынтыгында компетенттүү адисти даярдайт.

Интеграциялык окуу методдору студенттерди ар кандай дисциплиналарды окуу процессинде жаңы чечимдерди издөөгө, чыгармачылык мамилелерди кол-

донууга жана алардын чыгармачыл аң-сезимин өнүктүрүүгө түрткү берет.

Бардык методдордун алкагында авиация адистиктери үчүн тил билүү зарылдыктардын бири. Себеби самолётко отурган жүргүнчү кайсы мамлекеттин аба каттамына отурса, ошол мамлекеттин тилинде түшүндүрмөлөр айтылат. Кайсы мамлекетке келип конгондо да ошол мамлекеттин аба ырайы, тили, валютасы жөнүндө маалыматтар берилет. Авиациялык адистиги бар кызматкер мамлекеттик тилде ары сабаттуу, ары уккулуктуу сүйлөп турушу абзел. Жазылган көрнөк-жарнактар да сабаттуу жазылып туруусу зарыл.

Ошентип, интеграциялык окутуу ыкмалары билим берүүдө жана окутууда актуалдуулугун жоготпой келет. Интеграциялык окутуу ыкмалары аркылуу студенттерди бирдиктүү билим алууга, кесипке багыттап окутууга жана жалпы адамзаттык баалуулуктардын жыйындысын өздөштүрүүгө шарт түзөт. Билим берүү системасында бирдиктүү окутуу үчүн дисциплиналардын интеграциясына басым жасоо зарыл. Бул маселени чечүүнүн биринчи кадамы интеграцияланган сабактар. Мында гуманитардык предметтер менен табигый предметтерди интеграциялап окутуу мисалында маселени чечүүнү зарылдыгы турат. Жогоруда басым жасап өткөнүбүздөй бул маселе авиация институтунда кесипке багыттап окутуунун шарттары менен чечип келүүдө. Ар бир өтүлгөн сабак кесипке багытталып окутулуу менен предметтер аралык байланыш түзүлөт. Бири-бирин толуктайт, көмөктөшөт. Интеграциялык ыкма - окутуунун структурасындагы компоненттерди ойлонуп, чогуу колдонуу. Предметтерди байланыштырып окутуу. Билимди жана кеп ишмердүүлүгүн параллелдүү колдонуу болуп саналат. Бул ыкма биздин өлкөнүн билим берүү стандарттарында, окутуу методикасында кеңири пайдаланылып келет. Жыйынтыгында интеграциялык окутуу ыкмалары өзүнүн эффективдүүлүгүн бербей койбойт.

**Адабияттар**

1. Васильева С.В. Интегрированная технология процесса обучения студентов педагогических вузов / С.В. Васильева. - М., 2000. - С. 460

2. Иванов, В. Г. Междисциплинарные связи в образовательном процессе / В. Г. Иванов, Т. А. Иванова // Среднее профессиональное образование. – 2000. – № 12. – С. 44-47. – EDN UBPHPL.

3. Пузанкова, Е. Н. Современная педагогическая интеграция, ее характеристики / Е. Н. Пузанкова, Н. В. Бочкова // Образование и общество. – 2009. – № 1(54). – С. 9-13. – EDN LEYIFH.

4. Саякбаева Ж.Б., Сонколова К.А., Дыканалиев К.М. Кесиптик окутуу системасында маалыматтык технологияларды колдонуу / Ж.Б. Саякбаева, К.А. Сонколова, К.М. Дыканалиев // Известия Кыргызского государственного технического университета им. И. Раззакова, 2019. - №3 (51). - С. 240-246.